А-92

Каныбек Жунушов



# АТ ЖАБДЫКТАР

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 92

**АТ ЖАБДЫКТАР:** Сүрөтүн тарткан К.Рымбек;
Ырлардын автору К.Жунушов. – Б.: «Таалим-Форум» КФ, 2013. – 16 б.

ISBN 978-9967-15-249-6

Китепче Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы жана Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан жактырылган.

www.taalimforum.kg
taalimforum@gmail.com
+996 (312) 298 681

А 4803300200-13
ISBN 978-9967-15-249-6

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© «Таалим-Форум» КФ, 2013

# АТ ЖАБДЫКТАР



Ат жабдыктар ар түрдүү
Аземдүү кооз көрүнүп.
Шөкөттөлүп жасалат
Күмүш, жезден чегилип.

49617-40
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 8-и



Азоо атты минерде,
Укурук менен кармашат.
**Нокто** салып башына,
Чылбырды ага байлашат.



**Жүгөн** салган азоо ат,
Оздугун кемирет.
Аңды-дөңдү карабайт,
Алып-учуп элирет.

Жасалгасы кийизден,
Салынат тердик алдына.
Мунун атын **ичмек** дейт,
Балдар билип алгыла.



Бөтине мобул **тердиктин**
Күмүштөн оюу чөгүлгөн,
Жасалган уста атамдын
Колунан көөрү төгүлгөн.



Салынган кооз тердикке,
Ооп кетпес үчүн го,
Отурат ээр **желдикке**.



Өрдөк кашы койкоюп,
Кайыш менен капталган.
Токулуп турат жарашып,
Аргымак атка тапталган.

***ээр***






Коёндой кулак жапырып,
Даңканын көккө сапырып,
Карабай тоо-таш, түзөңдү,
Карагөр сызып баратса,
Карышат бутта **үзөңгү.**




Шыпырылып ээрим,
Жон өйдө бара жатканда.
Жылып ылдый түшкөн жок,
**Көмөлдүрүк** такканда…

Тагылбаса **куюшкан,**
Ылдыйлата ээрдин
Жылмышканы – жылмышкан.



Баркыт мөнен капталган,
Баалуу, жакшы, өзгөчө.
Азөмделип салынат,
Алдына жумшак **көрпөчө.**





Ат жабдыкты жаптырган,
**Басмайыл** экен, үстүнө
Баарысын бекем бастырган.



Сабы кызыл ыргайдан,
Аземдүү кооз өрүлгөн.
Илинип турган **камчыны**,
Көрөсүң кыргыз төрүнөн.



**Такалап** атты минбесең,
Ташыркап баспай калат да,
Самаган жерге жетелбай,
Кор болосуң заматта.



Аргымакка келишкен,
**Ат жабдык** даяр токулган.
Атты минип, ээрге
Эми болот отурсаң.

Канат күүлөйт аргымак
Калып айыл, калың бак,
Ушул аттын үстүндө
Учуп барам жалындап!

# АТ ЖАБДЫКТАР

Ырлардын автору *К.Жунушов*
Сүрөтүн тарткан *К.Рымбек*
Дизайнери *А.Мадлымбекова*

Басууга 14.04.2016-ж. берилди.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{8}$. Көлөмү 2 басма табак.
Нускасы 5000 даана. Заказ № 1446.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көч., 1.

# «Билгим келет»
## Балдар көркөм адабият сериясы




9 789967 152496